Мен адамдар Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок экенине, Мухаммад Аллахтын элчиси экенине күбөлүк бермейинче, намаз окумайынча, зекет бермейинче алар менен согуша берүүгө буйрулдум

Ибн Умар (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) минтип айткан: "Мен адамдар Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок экенине, Мухаммад Аллахтын элчиси экенине күбөлүк бермейинче, намаз окумайынча, зекет бермейинче алар менен согуша берүүгө буйрулдум. Эгер ушуларды аткарышса, анда менден канын жана малын сактап калышат. Бирок Исламдын акысына тиешелүү иштерде андай эмес, анда алардын эсеби Аллахтын колунда".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала аны, мушриктер эч шериги жок жалгыз Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок экенине күбөлүк бермейинче жана Мухаммадга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) анын элчи экендигине күбөлүк бермейинче, ошондой эле бул күбөлүктөр талап кылган ибаадаттар: күнүмдүк беш убак намазды окумайынча жана татыктууларга зекет бермейинче, алар менен согуша берүүгө буйруганын бяндайт. Мына ушул иштерди аткарышса, анда Ислам алардын канын жана жанын сактайт. Аларды өлтүрүү адал болбойт. Бирок Ислам өкүмү менен өлтүрүүгө акылуу болгон кылмышка барса, анда өлтүрүлөт. Кийин кыяматта алардын ички сырын билген Аллах Таала аларга Өзү өкүм кылат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/4211